КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

ТҮП АЙМАКТЫК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТЮПСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

722400 Түпайылы
Боромбайкөчөсү №53

Тел: 2-43-68 , Факс: 2-43-68
e-mail: adm18-1@shailoo.gov.kg

722400 с. Тюп
ул.Боромбая №53

**Түп аймактык шайлоо комиссиясынын отурумунун**

№ 12 Ч Е Ч И М И

28.10.2024-жыл Түп а.

**Жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер № 3065 ПЛ- 80 округуна караштү талапкер Абдымамбетов Алмаз Байсымаковичке карата Түп районунун Ички иштер башкармалыгынын материалдары жөнүндө.**

2024-жылдын 26октябрь Түп АШКна Түп районунун ички иштер бөлүмүнөн жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкер Абдымамбетов Алмаз Байсымаковичке карата шайлоого алдындагы үгүт иштеринин шарттарын бузгандыгы үчүн материаллдар келип түшкөн.

Алсак, Түп райондук ички иштер бөлүмү тарабынан берилген документтерде 2024-жылдын 26-октябрында №02-019-2024-001419«ЖУИ» АИСине Абдымамбетов Алмаз Байсымакович үгүтөө иштерин көрсөтүлгөн мөөнөттөн эрте жургузуп өзун өзү Түп айлынын вотсап “Лалафо” группасына үгүтөө иштерин жүргүзүп жатканы аныкталган. Түп районунун ички иштер башкармалыгынан алынган маалыматка караганда, 2024-жылдын 26-октябрында . Ал Бишкек шаарында экендигин маалымдаган. Түп айлынын вотсап “Лалафо” группасына менин атыман бей таныш адамдар үгүттө иштерин жүргүзүп жүргөндүгүн билдирген.

Ал эми Түп айлынын вотсап “Лалафо” группасына Кош- Дөбө айылынын тургуну Турускелдиев Бактияр Суерович болуп аныкталып , ал өзүнүн 0709 810461 сандуу вотсап номери менен Түп айлынын вотсап Лалафо” группасына үгүттө мөөнөтү баштала электе жүргүзгөнү анык болгон.

2024-жылдын 28- октябырында АШКнын жыйыны болуп, ага жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкердин Абдымамбетов Алмаз Байсымаковичти жыйынга чакуруу жасаганы, байланыш номери бир нече сыйра чалынган, бирок албай койгонуна байланыштуу талапкерсиз угуу жүрдү.

Түп АШКсы тараптардын жүйөлөрүн угуп, төмөнкүлөрдү белгилейт.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» календардык планын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын бузуулар Кодексинин 65-беренесине алайык Бул үгүтөө материаллдар 2021жылдын 11- апрелинде жергиликтүү кеңешине үгүтто мөнөтүндө чыгарылган, ошол убакыттан бери кайсы себептер менен жокко чыгарылган эмес, анан Турускелдиев Бактияр Суерович менен Абдымамбетов Алмаз Байсымакович экоо тең айылдаштар болгон себеп, бул материалдар айлынын

группасына салынган, ал жагдай ИИМ кызматкерлер тарабынан изилденген эмес. Адбымамбетов өз кызыкчылыгы болбосо бул матеиалдарды ким чагарат.

Депутаттыкка талапкерге карата шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн шарттарын бузгандык үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө” кодексинин 65-беренесинде каралган.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесин, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-21-беренелерин, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы №41 токтому менен бекитилген “Шайлоо комиссияларынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, аймактык шайлоо комиссиясы.

ЧЕЧИМ чыгарат:

1. Кыргыз Республикасынын Кодексинин “Укук бузулар жөнүндө 65-беренесине ылайык № 3065 ПЛ- 80 округунан талапкер Абдымамбетов Алмаз Байсымакович үгүт жүргүзүүнүн шарттарын бузгандыгы аныкталды.

2. Жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерди жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселени кароо үчүн материалдарды аймактык шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына жөнөтүлсүн.

3. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо аймактык шайлоо комиссиясынын катчысына жүктөлсүн.

**АШКнын Төрагасы** **Т.Алмабекова**